**УДК 37.013.43**

## ТУНГУЧ ВИЦЕ-ПРЕМЬЕРДИН ӨМҮР ТАРЖЫМАЛЫ МЕКТЕПТЕ МУЗЫКА САБАГЫНДА

(Насирдин Исановдун 80 жылдыгына карата)

Мурзабаева Салтанат Бурхановна
Ош МПУ
Жаныбекова Эльвира Жаныбековна
Ош МПУ

## ЖИЗНЬ И ТВОРЧЕСТВО ПЕРВОГО ВИЦЕ-ПРЕМЬЕРА НА УРОКЕ МУЗЫКИ В ШКОЛЕ

(К 80-летию Насирдина Исанова)

Мурзабаева Салтанат Бурхановна
Ош ГПУ
Жаныбекова Эльвира Жаныбековна
Ош ГПУ

## LIFE AND WORK OF THE FIRST VICE PREMIER AT A MUSIC LESSON AT SCHOOL

(To the 80th anniversary of Nasirdin Isanov)

Murzabaeva Saltanat Burhanovna
Osh SPU
Janybekova Elvira Janybekovna
Osh SPU

**Аннотация:**

Бул макалада кыргыз элинин тунгуч вице-премьердин өмүр таржымалы мектепте музыка сабагында колдонуп, балдарга үлгү катары сабактарда жана класстан тышкаркы иштерде колдонууга болот. Көрүнүктүү партиялык ишмер Насирдин Исановдун өрнөктүү өмүрү турмушта келечектеги жаш муундарды тарбиялоодо үлгү катары колдонуунун бирден бир жолу. Учурда коомубуз, андагы тарбияланып жаткан балдарды тарбиялоого өзгөчө мамиле керек болуп жаткан мезгилде Насирдин Исановдун ар тараптуу өскөн инсан катары жаштарга тааныутууну туура багыт катары кароого болот. Мектепте өтүлгөн ар бир сабакта б.а. өзгөчө гуманитардык сабактарда, кандай гана тема өтүлбөсүн ыңгайын таап, окуучуларды, студенттерди тааныштыруу абзел. Анын иштеген иши, музыкага болгон сүйүүсүн, кол ойноткон комуз күүсү, жазган ырлары, анын мазмунунун тарбиялык мааниси чоң.

**Ачкыч сөздөр:** үлгү, тарбия, ырлар, таржымал, этномаданий мурастар.

**Аннотация:**

В данной статье биография первого вице-премьера кыргызского народа может быть использована как методической поддержкой для педагога на уроках музыки в школе. А также в качестве примера для детей как себя вести на уроках и внеклассных мероприятиях помузыкальному образованию. Жизнь видного партийного деятеля Насирдина Исанова – единственная возможность использовать ее как пример в воспитании будущих поколений. Вданное время, наша общество нуждается в особом подходе к воспитанию детей, где можно привести пример жизнь и творчество Насирдина Исанова как всесторонне развитой личности. Любовь к музыке,написанные песниимеют большое воспитательное значение для подрастающего поколения.

**Ключевые слова:** пример, воспитание, песни, биография, этнокультурное наследие.

**Abstract:**

In this article, the biography of the first Deputy Prime Minister of the Kyrgyz people can be used as methodological support for a teacher in music lessons at school. And also as an example for children on how to behave in lessons and extracurricular activities related to music education. The life of a prominent party leader Nasirdin Isanov is the only opportunity to use it as an example in educating future generations. At this time, our society needs a special approach to raising children, where we can give an example of the life and work of Nasirdin Isanov as a comprehensively developed personality. The love of music and written songs have great educational value for the younger generation.

**Key words:** example, education, songs, biography, ethnocultural heritage.

Кыргыздар тарыхта эки миң жылдыкты камтыган уникалдуу эл. Кылым карыткан тарыхта кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө жана өнүгүшүнө ар кыл доорлордо өчпөс из калтырган бир катар чыгаан инсандар жазылган. Алардын көбү кыргыз тарыхынын бурулуштарында чечүүчү роль ойноп, мамлекеттин коомдук-саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүшүнө зор салым кошкон. Кыргыз элинин эзелтеден бери өзүнүн көрүнүктүү мамлекеттик жана саясий ишмерлеринин байыркы доорлордо да, жаңы тарыхта да мааниси бар. Алардын арасында Барсбек Каган, Мухаммед Кыргыз, Кубат бий, Атакебий, Ормон хан, Алымбек датка, Курманжан датка, Полот хан, А.Сыдыков, И.Арабаев, А.Орозбеков, Ж.Абдрахманов, И.Раззаков, Т.Усубалиев, А Масалиев жана башкалар тархыка өчпөс из калтырышкан. Мындай ууу инсандарга совет доорунун аягы жана эгемендүүлүк мезгилинин башталышындагы көрүнүктүү мамлекеттик жана саясий ишмер, эгемен Кыргызстандын улуу патриоту, биринчи премьер-министри Насирдин Исанов кирет.

Насирдин Исанов 1943-жылы 7-ноябрда Ош областынын Ноокат районунун Көк-Бел айлында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1960-жылы мектепти бүтүрүп, ошол эле жылы Москва шаарындагы “инженердик-курулуш” институтуна тапшырган. Бир жарым жыл

аталган институттун кечки факультеттинде окуган жана эмгек жолун Москва шаарындагы курулуш уюмдарында жумушчу болуп иштөө менен баштаган. Ошол эле институттун күндүзгү окуу бөлүмүнө өтүп, 1965-жылы ийгиликтүү аяктагандан кейин, "Ош строй" трестине ишке кирип, № 3 курулуш- мантаждоо башкармасында мастер, прораб, учасканын начальниги, андан кийин тресттин башкы технологу, инженери болуп иштеген. Ушул учуруна эле көз чаптырсак, жөнөкөй жумушчунун баласы, айылда эле чоңоюп Москвага окуу үчүн барышы, анын зиректигин жана умтулуусунун күчтүүлүгүн көрсөтүп турат. Демек, умтулуу аракет адамды алдыга сүрөйт. [1]

Көрүнүктүү партиялык ишмер Насирдин Исановдун өрнөктүү өмүрү турмушта келечектеги жаш муундарды тарбиялоодо үлгү катары колдонуунун бирден бир жолу. Учурда коомубуз, андагы тарбияланып жаткан балдарды тарбиялоого өзгөчө мамиле керек болуп жаткан мезгилде Насирдин Исановдун ар тараптуу өскөн инсан катары жаштарга таанытууну туура багыт катары кароого болот. Мектепте өтүлгөн ар бир сабакта б.а. өзгөчө гуманитардык сабактарда, кандай гана тема өтүлбөсүн ыңгайын таап, окуучуларды, студенттерди тааныштыруу абзел. Анткени, окуучулардын акыл көрөңгөсүн байытууда анын адамдык сапаттары, эл үчүн ишмердүүлүгү, жоопкерчиликтүүлүгү патриоттуулукка тарбиялайт. Н.Исановдун чыгармачылыгы кандай? Анын чыгармачылыгынын өзгөчөлүгү— партиялык, идеологиялык диктатуранын шартында эркин ой жүгүртүүдө, пландарын өз каалоосу боюнча ишке ашыруу үчүн түзүлгөн системаларга, догмаларга, бюрократиялык заказдарга каршы чыга билүүдө. Анын күчтүү эрки, күчтүү духу, чечкиндүүлүгү, башкаларды ынандыра билүүсү жана башкара билүүсү эки башка доордун өтүшү менен өлкөнүн мындан аркы өнүгүүсүнүн туура багыттарын аныктаган стандарттуу эмес чечимдердин кабыл алынышына алып келди. Насирдин Исанов өзгөчө адам болгон. Өзгөчөлүк – бул «башкалардан өзгөчөлөнүү» жөндөмү, интуиция менен акыл-эстин, табигый таланттын жана инсан болуп калыптануу процессиндеги өз ара аракеттенүүсү. Бир эле коомдо, системада болуп, ал өз эрежелери менен жашоого батынган, өз принциптери жана жашоого алып келе турган бардык нерсеге өз көз карашы бар. Насирдин Исановдун инсандыгы анын мүнөзүнүн сыпатынан, адаттан тыш маалыматтарга ээ болушунан, жүрүм-турумунан, формалдуу эмес ой жүгүртүүсүнөн, кыймыл-аракетинен көрүнгөн. Ал өлкөбүздө тарыхый окуяларга, саясий, социалдык-экономикалык толкундоолорго, оор сыноолорго, өз элинин, мамлекетинин жаркын келечеги үчүн чексиз күрөшкө бай өмүр сүргөн сейрек кездешүүчү саясий ишмерлердин бири.

1991-жылы ноябрда Насирдин Исанов жол кырсыгынан каза болгон. Ал отурган унаа Жалал-Абад-Ош жолунда жүк ташуучу унаа менен кагышкан. Унаанын ичинде дагы төрт адам болгон, бирок алардын бири да оор жаракат алган эмес. Саясатчынын өлүмүнүн таң

калыштуу жагдайлары көптөгөн суроолорду жаратты, анткени Исанов көзү тирүү кезинде Кумтөр кенин чет элдик компаниялардын иштетүүсүнө каршы болгон. Бузиинат Исанованын жубайы жергиликтүү маалымат каражаттарына берген маегинде күйөөсүн баары унутуп калганын, анын өлүмү дагы деле анын жүрөгүн өйүп жатканын айткан.

Насирдин Исановду замандаштары мамлекеттин кызыкчылыгын өз кызыкчылыгынан жогору койгон жөнөкөй, өтө чынчыл инсан катары эскеришет. Ал эч качан коррупцияга аралашпаганы тууралуу ар кандай маалымат каражаттарында көп жазылган. Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө жана мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына баа жеткис салым кошкон. Анын тушунда өлкөнүн экономикасы өнүгүүнүн жаңы айлампасын алды, эң башкысы акыры рыноктук мамилелерге өттү.

Совет доорунун жана азыркы мезгилдин көрүнүктүү мамлекеттик ишмери М.Шеримкулов Н.Исановдун ишмердүүлүгүнө төмөнкүдөй баа берген: «Насирдин Исанов өкмөттү жетектеп турганда өзүн экономиканы жакшы билген мамлекеттик жана саясий ишмер катары көрсөтө алган. Элге абдан жакын, элдин мүдөөсүн, мамлекеттин көйгөйүн түшүнүп, өз убагында чечүүнү жакшы билген. Бул киши көп иштебесе да эл тарабынан жакшы кабыл алынып, күчтүү жетекчи катары таанылган. Ал  өз өмүрүн жаңы түзүлгөн эгемендүү мамлекетибиздин экономикасын көтөрүүгө, социалдык муктаждыктарды чечүүгө арнады. Анын улутчулдукту болтурбоо иштери эл арасында чоң мааниге ээ болгон. Ошон үчүн Насирдин Исановду эл сүйгөн. Ал кайда жүрбөсүн, абдан урмат-сыйга ээ болгон жана эбегейсиз зор, талашсыз бийликке ээ болгон".[5]

1969-жылдан КПССтин мүчөлүгүнө катталган. 1970-жылы партиянын Ош обкомунун курулуш бөлүмүнүн жетекчилигине инструктор болуп кирип, ошол жылдын декабрь айынан тартып Нарын гидро-энерго-курулуш башкармасынын (Каракөл ш.) партиялык комитетинин (райкомдун укугундагы) катчылык кызматына шайланып дайындалган жана ошол кызматты аркалап келген. Бул анын өтө сабаттуулугунан кабар берип турат.

1990-жылдын декабрь айында Кыргыз Республикасынын вице-президенти болуп дайындалган. 1991-жылдын 22-январынан 29-ноябрга чейин Эгемендүү Кыргыз Республикасынын Премьер-министри кызматына көрсөтүлгөн. Диссертациясын СССР Министрлер Кеңешинин алдындагы Эл чарба академиясында жактап, "Экономика илимдеринин кандидаты", илимий даражасын алган. СССР Инженердик академиясынын жалпы чогулушунда 1991-жылдын июнунда академик болуп шайланган. Насирдин Исанов өлкөдөгү жүрүп жаткан саясий, экономикалык реформалардын шарттарына ылайык Республикада капиталдык курулушту экономикасын башкаруу жана ал системасы өркүндөтүү боюнча бир топ эмгектерин жазган.

**<u>Кыргыз сомун</u>** киргизүү боюнча негизги демилгечилерден болгон. Бир нече илимий эмгектери (14төн ашуун) журнал, газеталарда жарык көргөн.

**Эмгек ишмердүүлүгү:**

1960-жылы - «Мосжилстрой» трестинде жумушчу (Москва);

1966-жылы Кыргыз ССР курулуш министерствосунун «Ошгорстрой» курулуш-монтаждоо башкармасынын участогунун бригадири, «Ошгорстрой» трестинин башкы технологу, «Ошгорстрой» трестинин № 5 СМУнун башкы инженери;

1970-жылы - партиянын Ош обкомунун курулуш бөлүмүнүн инструктору, Кыргыз ССРинин «Нарынгидроэнергострой» курулуш башкармалыгынын партиялык комитетинин катчысы;

1974-жылы комсомолдун Ош обкомунун биринчи катчысы, Кыргызстан КП БКнын курулуш жана шаар чарбасы бөлүмүнүн башчысынын орун басары, башчысы;

1983-жылы Кыргыз ССРинин курулуш министри;

1986-жылы - Кыргыз ССР Мамлекеттик курулуш комитетинин төрагасынын биринчи орун басары;

1988-жылы Ысык-Көл облустук аткаруу комитетинин төрагасы;

1990-жылы - Кыргыз Республикасынын вице-президенти;

1991-жылы - Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер, Кыргыз Республикасынын вице-президенти, Премьер-министри.

Кыргызстандагы капиталдык курулуш. Аны башкарууну өркүндөтүү жаңы чарбалык механизмдин ажырагыс бөлүгү.

- Кыргыз ССРинин курулуш комплексин башкарууну өркүндөтүү. «Кыргызстан» басмасы. 1991-ж.

**Чыгармачылыгы**

Ал эми бош убактысында Насирдин Исанов ыр жазып койгон да адаты бар экен, төмөндө Насирдиндин аганын өз колунан жаралган ырлары:

**Ноокатым**

Кыял-бул ар адамга дайым канат,
Кааласаң бир заматта Айга алып барат.
Айлантып бүт ааламды бир секундда,
Кааласаң жылдыз болуп жанып калат.
Кыялдын түркүн-түркүн кылдары көп,
Келтирүү мүмкүн эмес күүгө үгүттөп.
Ача алат анын сырын билген уста,
Ошондо көркүн ачат жаздай бүрдөп.

Ноокатым бүгүн келдиң көз алдыма,
Кыялым учту беле алда-кайда...
Бир кезде сенин көркүң, тааный албай,
Караармын ишене албай кайра-кайра.

(4-март, 1990-жыл) Бул ырдын мазмунунда “Туулган жердин топурагы алтын” – деген макалдын чындык экенин тастыктап Насирдин агайдын көзү менен караганда өз жери өзгөчө көрүнгөндүгү көрүнүп турат. Бул ырдын мааниси жаш муундун туулган жерге болгон көз карашын калыптандырат. Андыктан, окуучуарга ар тараптуу өнүгүүнү, изденүүнү түшүндүрүшүбүз керек. Ушундай ырларга обон жаратып, имерди, жазуучуну дайым эскрип турууга багыт берип койсок дагы болот деген ойдобуз.

**Атбашы**

Тоосу бийик чокулары келишкен,
Коктусунда суу менен муз эришкен.
Учу кыйырсыз жайлоолору мемирейт,
Мелдешкенсип кемминби деп Көкменен.
Оту күчтүү, суусу таза туп-тунук,
Тескейинде жайлоолору кулпунуп.
Кышы-жайы эрибеген муздарың,
Турат күүдөй кулагыңа угулуп.
Тоолоруңду марал, кулжа аралайт,
Ой түзүңдү кекилик, чил каралайт.
Тектирлерде колдон жасап койгондой,
Түркүн гүлдөр башын ийип салаалайт.
Жарашыктуу атың сенин Атбашы,
Өзүң деле белден берки жербашы.
Илгертеден ата-баба жактырып,
Көп жерлерден тандап алган сыяктуу.
(Ырдын жазылган күн-айы белгисиз)

Бул ырдын мазмуну боюнча Атбашынын жердин сулуусу, көктүүлүгү, ага жараша жердеген жан-жаныбарлардын аска зоолорго жарашып тургандыгы, гүлдөрү кулпуруп ата-баба жактырган жер экендигин сүрөттөп жазган. Бул ырдын мазмуну кийинки муундарды жаратылышка суктануу менен карап, кабылдоого багыт бере алган.

**Жаратылыш**

Жаратылыш кандай уста чеберсин,
Бир-бирине бириктирип келесин.

Ааламдын эч жеринде кемтиги жок,

Баарыбызга сен Атасың, Энесиң. (4-март, 1990-жыл.)

Бул ырында жаратылыштагы бардык нерселер бир гармонияда экендиги, бири-бирине эриш-аркак болгондугу, адам баласын багуучу ата-энеге салыштырган. Муну менен ааламдын коодугун сүрөттөп жазган.

Мыдан башка "Чырак Кабак" деген ырында Ысык- Көлдөгү айылдардын кооздугу, көлдүн көрүнүшүнүн сулуулугун толуктап тургандыгы сүрөттөлөт. Жаратылышка суктанууга, маани берип кабылдоого үйрөтөт. Мектептин музыка мугалими Насирдин Исановдун музыка сүйүүчүлөрдүн катарына кошуу менен, анын кол ойнотуп комуз ойногон видиосун коюп, өмүр таржымалы менен тааныштыруу керек. Анын ырларын окуп, маани маңызын түшүндүрүү керек. Бир эле музыка сабагында эмес, ар кандай өткөрүлгөн класстык саатарда да колдонууга болот.Тунгуч- пример министирди мектепте окуучуларды тарбиялоодо жана окутууда үлгү катары бардык класстын окуучуларына өтүүгө, салыштырууга болот. [3,4]

Балалык кезинде музыкалык билим алуу бардык балдар үчүн пайдалуу жана өтө маанилүү. Анын көптөгөн артыкчылыктары бар, алар кийинки чоң музыканттардан болуп калбаса да, балдарды келечекте эң жакшы натыйжаларга даярдай алышат.

Анда эмне үчүн балдар мектепте музыка үйрөнүшү керек? Музыкалык билимдин таасири кандай? негизги артыкчылыктары кандай? Мээнин музыканы иштетүү менен алектенген аймагы башка көптөгөн көндүмдөр үчүн да жооптуу, акыркы жүз жылда үзгүлтүксүз музыка сабактарын алуу сансыз адамдардын мээ жөндөмдүүлүгүн жогорулатты. Музыкалык сабактарга катышуу балдарга жалпы максатты көздөйт. Балким, алар жаңы ыр үйрөнүүгө аракет кылат. Музыка сабаганда окуучуларды интеррактивдүү ыкмада топтопдо иштетсек да болот. Мындай топтук иш аларга командалар кантип иштээрин жана ар бир адамдын маанилүүлүгүн түшүнүүгө жардам берет. Ошондой эле аларга туруктуу достук мамилелерди курууга мүмкүнчүлүк берет.

Жыйынтыктап айтканда, музыкада колдонулган көндүмдөр бир нече обонду ойногонду үйрөнүү менен чектелбейт. Кыргыз элинин белгилүү инсандары менен таанышуу, алардын чыгармачылыгы, өмүр баяны, ишмердүүлүгү тууралуу маалыматка ээ болот. Биз Насирдин Исановду музыка сабагында окуууларга өмүр баянын, чыгармачылыгын тааныштырсак ыр жазууга, мекенди сүйүүгө болгон жөндөмү калыптанат.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Бодина, Е. А. Музыкальная педагогика и педагогика искусства. Концепции XXI века : учебник для вузов / Е. А. Бодина. — М. : Издательство Юрайт, 2018. — 333 с.
2. Жанибекова, Ш. А. Образы исторических деятелей Кыргызстана в современной литературе / Ш. А. Жанибекова. — Текст: непосредственный // Молодой ученый. — 2018. — № 18 (204). — С. 463-466. — URL: https://moluch.ru/archive/204/49867/ (дата обращения: 04.12.2023).
3. Исманов Т.К. Политические, культурно-национальные условия формирования>. и становления правоохранительных органов Киргизии (1917-1924 гг.): Автореф. канд. ист. Наук: 07.00.01 / Казан, гос. ун-т. Казань, 1992. - 22 с.
4. Чотонов, У. Кыргызстан по пути суверенитета [Текст] / У.Чотонов- Бишкек: [б.и.], 2007-308с. https://tyup.net/comments/nasirdin-isanov
5. Премьер-министрлердин тизмеси // https://ru.unionpedia.org/; «Кыргыз ССРинде мамлекеттик органдардын жана башкаруунун системасын кайра тузуу жана Кыргыз ССРинин Конституциясына (Негизги Законуна) езгертуулер менен толуктоолорду киргизуу женунде» Кыргыз ССРинин Закону. Фрунзе 14-декабрь 1990-жыл No 260-XII // КСР Жогорку Советинин Ведомосттору No 21 1991-жыл.